УДК 371.3.
**DOI:10.58494/esai.23(7).2023.19**

*Токтосун кызы Нурпери,*
*Б.Осмонов атындагы ЖАМУ,магистрант*
*Истамбекова Т.И.,*
*Б.Осмонов атындагы ЖАМУ,магистрант*
*Сапиова Курманжан,*
*Б.Осмонов атындагы ЖАМУ,магистрант*

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА ЖАЗУУГА ҮЙРӨТҮҮНҮН ПЕДАГОГИКАЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

***Аннотация.*** *Макалада башталгыч класстын окуучуларында жазуу көндүмдөрүн калыптандыруудагы ыкма, метод, технологиянын практикада өткөн жыйынтыктары сунуш кылынды. Жазуу үйрөтүүдөгү процесстин балада ийгиликтүү өтүшү үчүн жазууга багытталган ыңгайлуу шарттардын болушу көрсөтүлгөн. Ал шарттарды түзүүдө мугалимдин жана окуучунун иш аракеттери көрсөтүлгөн.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *калем, калем сап, гигиена, жазуу, жазуу дептери, мамиле, кайтарым байланыш, позитивдүү, чөйрө, чатыраш.*

## ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ ТЕХНОЛОГИИ ОБУЧЕНИЯ ПИСЬМУ В НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЕ

***Аннотация.*** *В данной статье представлены практические результаты методики, метода, технологии формирования навыков письма у учащихся начальных классов. Было показано, что для успешного прохождения процесса обучения письму у ребенка существуют благоприятные условия, ориентированные на письмо. При создании этих условий указываются действия учителя и ученика.*

***Ключевые слова:*** *карандаш, ручка, гигиена, письмо, тетрадь для письма, отношение, обратная связь, позитив, окружающая среда, путаница.*

## PEDAGOGICAL TECHNOLOGIES OF TEACHING WRITING IN ELEMENTARY SCHOOL

***Annotation.*** *This article presents the practical results of the methodology, method, and technology for developing writing skills in primary school students. It has been shown that for a child to successfully undergo the process of learning to write, there are favorable conditions oriented toward writing. When creating these conditions, the actions of the teacher and student are indicated.*

***Key words:*** *encil, pen, hygiene, writing, writing notebook, attitude, feedback, positive, environment, confusion.*

Жазууга үйрөтүү - башталгыч класстын окуучулары үчүн татаал процесс. Алар жазуу процессин ийгиликтүү өткөрүшү үчүн балага багытталган жазууга үйрөнүү чөйрөсүн, башкача айтканда жагымдуу чөйрөнү жарата билүү керек. Бала үчүн жагымдуу чөйрөлөрдүн негизгиси болуп, мугалиминин ыңгайлуу ыкманы, методду же технологияны жазуу сабагынын максатына карай тандап алуусу эсептелет. Алардын ичинен негизги мугалим жасоочу иш аракет бул - баланын жазуусуна шарт түзүүдөгү өз ара мамиле.

**Өз ара психикалык мамиле**. Башталгыч класстын мугалими биринчи жазуу сабагын уюштураардан мурда балдарга жана алардын ата-энелерине алты - жети жаштагы балдардын физиологиялык өзгөчөлүктөрү жөнүндө суроо-жооптор, анкеталар жана башкалар менен байкоо жүргүзүү, жазуу сабагын андан ары ийгиликтүү жүргүзүүгө өбөлгө түзөт. Алынган маалыматтардын негизинде ата - энелер менен баарлашуу учурунда балдарынын физиологиялык өзгөчөлүктөрү жөнүндө айтып берүүсү абзел. Алардын колунун майда

булчундары начар өнүккөндүгү, билек сөөктөрү жана манжаларынын ийилчээктигинин абалы жөнүндө билдирип, жазуу сабагына даярдыгы боюнча абалы жөнүндө ата-энелер менен ачык сүйлөшүү жана андан ары кандай кыйынчылыктар менен бирге күрөшө тургандыгы олуттуу иш экендигин балдарды жана алардын ата-энелерине күн сайын үзгүлтүксүз аткаруучу иш аракеттер боюнча баарлашуу, андан ары ата-энелер менен кандай иштерди биргеликте жүргүзүү керектиги боюнча бир пикирге келүү маанилүү [1].

Бир катар илимпоз - окумуштуулардын пикирине таянсак биринчи жазуу сабагында – окуучуларды кооз дүйнө менен тааныштыруу маанилүү ролду ээлейт. Алгач эле баланы жазууга көндүрбөстөн, жазуу сабагына болгон кызыгуусун арттыруу максатында алардын ой жүгүртүүлөрүнө, өзүнүн турмушундагы айлана чөйрөдөгү болгон кооздукту таанып билүү, кооз дүйнөнүн жаралышы жөнүндө ой толгоолорду жүргүзүү максаттуу. Балдарды, бизди курчап турган айлана чөйрөнүн кооздугун, башкача айтканда кооз бактар, кооз имараттар, кооз курулуштар, кооз гүлдөр, кооз китептер, кооз тартылган сүрөттөр жана башкаларды мисал келтирүүгө болот [2,3].

Балдар менен бул кооздукту ким жасагандыгын, алар кантип пайда болгондугун, эмне үчүн бизге алар кубаныч тартуулап тургандыгына суроолор аркылуу ой жүгүртүүнүн негизинде алардын ойлорун билебиз. Бул учурда жаңыдан жазууну үйрөнүүгө киришип жаткан балдарда бул суроолордун тегерегинде бир канча ар тараптуу ойлордун тизмеги пайда болот да, аларды ким, кантип жасагандыгы жөнүндө, эмне үчүн алар дайыма бизге кубанычты тартуулап тургандыгы жөнүндө жоопторду айта алышат. Мугалимдин бул иш аракети жазууну жаңыдан үйрөнө турган баланы жазуу ишине тартууга өбөлгө түзө алат. Андан кийин жазуу куралдары, башкача айтканда жазууда биз кандай куралдарды колдонобуз деген суроонун үстүндө иштейбиз. Балдар менен жазууда калем, калем сап, таякча, маркер, сыя, түстүү калемдер жана башкалар менен жазууну жүргүзүп келгендигибиз жөнүндө пикир алышабыз [4].

Балдар менен пикирлерди жыйынтыктагандан кийин, балдар китеби, кооз жазылган жомок, кооз жана таза, сулуу жазылган дептер, кооз жазылган жарнама, кооз жазылган таттуулардын аттары чагылдырылган жазууларды көрсөтүү менен суроо-жоопторду жүргүзсөк болот. – Бул кооздукту жараткан адамдардын кооз, сулуу жаза алгандыгы жана адамдарга кубаныч тартуулагандыгы жөнүндө маектешүүгө болот. Анткени, изилдөө ишимде бул тажрыйба ийгиликтүү натыйжаларды бере алды, менин оюмча бул жүргүзүлгөн тажрыйба ар бир биринчи класстын окуучуларынын эсинде жазууну өнүктүрүүнүн башталышы катары сактап калат деген ойдомун. Балдар мыкты, кооз, сулуу кол жазма менен жазылган дептерлерди көрүп, карап чыгышат. Бул кооз, сулуу кол жазма менен жазылган дептердин ээси башкача айтканда окуучулар, биринчи класска келгенде силердей эле жазууну жаңы үйрөнө башташкандыгын эстерине салам. Бирок алар да көптөгөн аракеттер, чыдамдуулук менен кооз жазууну үйрөнүшкөн. Силер да ушинтип жазганды үйрөнгүңөр келеби?- деген суроонун үстүндө балдарга шыктандырууну жаратуу зарыл. - Карачы, келечекте силердин да дептериңерди башка биринчи класска келген балдар кооздугун көрүүнү каалайсыңарбы?- деген суроолордун үстүндө балдардын жазууга болгон кызыгуусун арттыруу зарыл деп ойлойм.

Андан кийин балдар менен чогуу биз болсо азыр кыргыз элинин “Чатыраш” деп аталган кол менен аткарылуучу оюнун ойноп көрүүнү сунуштасак болот. Бул оюнду бири – бирибиз менен жупта аткарып көрөлү. Оюндун аты “Чатыраш” кыргыздын улуттук оюну болуп эсептелет. Оюндун шарттары: Бул оюн жип менен ойнолот. Жиптин учтарын бириктирип түйүп колдун манжаларынын арасына салып кергенде чатыраш болуп калат. Экинчи оюнчу жипти чаташтырбай өзу каалаган формадагы чатырашты түзүү менен илип алышы керек. Оюндун мааниси: адамды эпчилдикке, кылдаттыкка, ийкемдүүлүккө тарбиялайт. Бул оюнду кыздар жана балдар ойносо болот. Бирок биздин жиптен жасалган “чатырашыбыз” укмуштуудай болуп, биздин көзүбүзгө – тамгалардын сызыктарын башкача айтканда, тамгалардын элементтерин көз алдыбызга элестетип тураарын көрсөтөбүз. Оюнда өз көзүбүз менен көргөн жиптин “чатыраш” сызыктарын биз калем сап менен дептерге

түшүргөндү үйрөнүп бараарыбызды балдар менен эсибизге салабыз. Балдарды шыктандыруу максатында ата-энелерине, мугалимине, өзүнө кубаныч тартуулай турган мындай сыйкырдуу сызыктарды калем сап жана дептер баракчасынын жардамы менен чийүүгө жана жазууга боло тургандыгын айтып өтөбүз. Эскертүү кетүүчү нерсе балдарга азыр “Чатыраш” оюнун ойноодо бир топ кыйынчылыктар болгондугун, жазууга үйрөнүүдө да кыйынчылыктар болоорун аларды машыгуулар менен кооз жазууга үйрөнүшөөрүн айтып өтөбүз. Азыр жупта оюнду аткаргандай жазууга үйрөнүүдө да бири-бирибизге жардам берип, чогуу сулуу жана кооз жазганды үйрөнөрүбүздү эстерине салабыз [5,7].

Андан кийинки жазууга үйрөтүүдөгү маанилүү бөлүк партага туура отуруунун эрежесин үйрөтүү. Советтик окумуштуулардын жана педагогдордун узак мөөнөттүү изилдөөлөрү жана байкоолору мектептин босогосун жаңы аттаган балдардын алгачкы жазууга үйрөнүү мезгилинде туура отуруунун гигиеналык жазуу эрежелерине көп көңүл буруу канчалык маанилүү экенине ынандырат. Бул туура отуруунун гигиеналык эрежелери баланын кол жазма сулуулугу үчүн гана эмес, баланын ден соолугунун чың болуп өсүүсүнө жана ден соолугун сактоосу үчүн да маанилүү экендигин эсибизден чыгарбашыбыз керек. Жазуунун гигиенеалык талаптарын сактап партага туура отуруу - бул балада узак убакыт бою калыптана турган көндүм жана туура ылайыктуу жазууга үйрөнүү чеберчилиги. Бул көндүмдүн окуучуда калыптануусун башталгыч класстын мугалиминин жетекчилиги жана көзөмөлүнүн астында бардык мезгилинде (алиппеге чейин, алиппе мезгилинде, алиппеден кийинки) калыптанып барылышы керек. Кээде партада туура эмес отурган окуучуиу көрөсүз, ал эңкейип, столдун үстүндө ийилип турат. Мындай отурууда окуучунун көкүрөгү жана курсагы кысылат. Дем алуу жана кан айлануу тоскоол болуп, жазуу учурунда тез чарчоо пайда болот. Жазуу учурунда башын ийип же оңго же солго буруп отуруп алып жазган окуучуларды табуу да сейрек эмес. Эгерде мындай денесин бүгүү адатка айланса, анда ал омуртканын кыйшайышына жана дененин туура эмес өсүүсүнө алып келиши мүмкүн.

Жазуу учурунда гигиеналык талапты сактабай отууруп жазуу ден соолукка зыян келтирип, баланын графикалык жазуу чеберчилигинин калыптанышына терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Баланын эсинде жазууда туура отуруунун эрежесин дайыма сактоосу боюнча физминуткаларды, сүрөттөрдү, ырларды, видео - слайдды колдонуу сунуш кылынат. Ошондой эле, бул жерде да ар бир мугалимдин өзүнүн чеберчилиги менен балдарга жазуу учурунда отурууну эскертип коюу ыкмалары болот [6].

Биринчи класстын окуучусуна жазуу үчүн калемди туура тандоого олуттуу мамиле кылуу өтө маанилүү. Окуучунун кичинекей тамга элементтерин жазуусун жеңилдетүү үчүн калемдин сабы узун учу менен болушу керек жана ичке из калтырышы керек. Туткасы (баланын калемди кармай турган бөлүгү) калың болбошу керек. Анын төмөнкү бөлүгүндө жазууда колго ыңгайлуулук жаратып, чыңалууну басаңдата турган абалда болуп же "жумшак" деген жазууну түшүндүрө турган “белгиси” бар калемди пайдалануу жакшы. Калемди туура кармоо да абдан маанилүү. Андан кийинки иш аракеттерде калем сапты (ручка) пайдалануу менен жазууну жүргүзөбүз. Азыркы учурда калем саптын (ручканын) бир канча түрлөрү кездешет жана алар ар кандай түстөрү менен айырмаланып турушат.

Балдар менен жазуу учурунда бир эле түстөгү калем сапты колдонуу менен чектелбестен, ар түрдүү түстөрү менен (сары, жашыл, күрөн жана башка) калем саптарды колдонуу балдарды жазууга үйрөтүүгө андан да кызыгуусун жарата алат. Биринчи саптагы тамгаларды сары түс менен, экинчи саптагы тамгаларды жашыл түс менен, үчүнчү саптагы тамгаларды күрөң түс менен жаздыруу баланын кызыгуусун жаратуу менен кооз жазууга жардам берет. Мындай мугалим тарабынан көрүлгөн аракеттер баланын ийгиликтүү жазуу көндүмүнө ээ болуусун шарттайт жана жыл бою балдар бул калемдер менен жазышат жана жазуу учурунда калем кармоо көйгөйү өзүнөн-өзү жоголуп кетет.

**Позитивдүү кайтарым байланыш**. Кийинки мугалимдин маанилүү иш аракети окуучунун аткарып жаткан иш аракеттерине позитивдүү кайтарым байланыш берүү. Менин көз карашымда, абдан маанилүү жагдай – окуучуларда жазуу көндүмдөрү кантип

калыптанып жаткандыгы байкоо боюнча мугалимдин мамилеси. Жазуу сабагындагы натыйжаны көрсөтүүчү бул окуучунун жазуу дептери, доскадагы (тактайчадагы) жана борборлордогу ар кандай форматтагы кагаздарга жазуусу. Жазуу дептери-бул окуучунун гана эмес, мугалимдин да андан ары иш аракетин пландаштыруучу курал. Класста канча окуучу болсо, алардын бардыгы мугалимдин ишине оозеки баасына ээ болушушу мүмкүн. Бул учурда кайтарым байланыштын маанилүүгүн эске алуубуз керек. Позитивдүү кайтарым байланыш- бул коюлган максатка жетүүгө алып бара турган конкреттүү аракеттер, кырдаалдар, суроолор жөнүндө түшундүрмөлөрдү алуу жана билдирүү процесси. Ал жазуу процесси кандай жүруп жаткандыгы жөнүндө түшүнүк берет, ар бир окуучунун билиминдеги жетишкендиктерге жана боштуктарга, көйгөйлөр жөнүндө маалымдайт. Позитивдүү кайтарым байланыштын жардамы менен окуучулардын көрсөткүчтөрүнүн азыркы деңгээли менен окутуунун коюлган максатынын ортосундагы айырмачылыктарды азайтса болот. Эгерде жазуу сабагында позитивдүү кайтарым байланыш ак ниет чөйрөдө жүзөгө ашырылса, ал так, түшүнүктүү, өз убагында жана тема боюнча болсо, ал позитивдүү болуп, тоскоолдуктарды женип чыгууга жардам берсе, анда кайтарым байланыш жазуу сабагынын ийгиликтүү болушун камсыздайт [5, 6]..

Бала кыйын кырдаалды жеңип чыгуусу үчүн мугалим ага түздөн түз жардам көрсөтөт. Окуучуларда мезгил - мезгили менен материалды өздөштүрүүдө, жазуу сабагында тамгалардын элементин жазууда кыйынчылыктар болушу мүмкүн. Кээ бир окуучулар мүмкүнчүлүк болсо эле мугалимден же чогуу окугандардан жардам алууга аракет жасашат. Айрым окуучулар кыйынчылык туудурган нерселерди калтырып кетишет да, колунан келген нерселерди жасай беришет. Бирок, кээ бир окуучулар жазганды токтотуп, мындан ары эмне кылаарды билбей, жазып жаткан элементтерди туура эмес жазууга өтүшөт.Мындай кырдаал пайда болбош үчүн мугалим позитивдүү кайтарым байланышты бере билүүсү маанилүү. Изилдөө ишин жүргүзүүдө кайтарым байланыштын бир түрү болгон натыйжалуу кайтарым байланышты жазуу сабагында колдонуп, оң натыйжаларды ала алдым. Натыйжалуу кайтарым байланышты берүүдө - бул төмөнкү үч суроого жооп берүү менен байланыштырдым:

| | | |
|---|---|---|
| 1. | Окуучунун жазуусунда эмнени жакшы жаза алды? | Окуучунун жазуусунда аткарылган иштин, тапшырманын сапатына карабастан окуучуну колдоо. |
| 2. | Окуучунун жазуусунда эмне жакшыртууну талап кылат? | Окуучунун жазуусунун кайсы жеринде, кандай көйгөй бар экенин көрсөтүү жана аны жакшыртуу. |
| 3. | Окуучунун жазуусун кантип жакшыртуу керек, | Окуучунун жазуусундагы ишти жакшыртуу үчүн максатка багытталган кеңеш, конкреттүү сунуштарды берүү |

Жазуу сабагында кайтарым байланыш натыйжалуу болушу үчүн төмөнкүлөрду эске алуу зарыл:

- балдар менен белгилүү бир окуу максаттарына, күтүлүүчү натыйжаларга жана баалоо критерийлерине багытталган сыпаттоо кайтарым байланышын колдонуу;
- -окуучунун өзүнүн жазуусуна ондоп түзөтүүлөрдү киргизүү мүмкүнчүлүгү, ал эми мугалимде кайтарым байланыштан кийин аткарган тапшырманы кайра текшерүү мүмкүнчүлүгү болуш үчүн кайтарым байланышты дайыма жана үзгүлтүксүз өз учурунда колдонуу. Кайтарым байланыш канчалык кеч берилсе, натыйжаны жакшыртуу сапаты ошончолук төмөн болот [4].

Бардык жерде мугалим өзү үчүн өз ишинде белгилүү бир тыянактарды чыгарат жана андан ары жазуу сабагын уюштурууда эске алынуучу көйгөйлөргө карата ыкмаларды,

усулдарды жана технологияларды тандай алуу менен жаны эрежелерди түзө алат. Балдарга жазууну үйрөтүү учурунда мен өзүм аныктаган эрежелердин мисалын келтирейин:

1. Позитивдүү кайтарым байланышты берүүдө мугалим жакшы маанайда адекваттуу боло алат жана окуучунун жазуу ишине баалоону жүргүзө алат.

2. Окуучунун өзүнүн ишине (жазуусуна) өзү сыймыктануу сезимин ойготуу башкача айтканда, шыктандыруу, кубануу жана келечектеги ийгилигине үмүт берүү.

3. Ошол эле жерде, балдардын бири-биринин жазуу ишине баа берүүдө башка адамдардын ийгилиги үчүн кубанууга балдарды үйрөтүү мүмкүнчүлүгүн колдон чыгарба.

4. Окуучунун жазган жазуусуна сунуштарды берүүдө "кызыл сыя" менен оңдоо таптакыр маанисиз, анткени мындай оңдоодон кийин бала эч нерсени талдай албайт, өзүнүн жазуусун мугалимдин жазуусу менен салыштыра албай, оңдөп түзөтүүлөрдү жасоодон бир аз алыстайт. Бул учурда, менин оюмча, туура эмес жазылган тамгалардын түстүү сыя (сары, жашыл ж.б.) астын сызып, жазуунун үлгүсүн четине коюу туура болот. Бул жерде жазуууга көнүгүп жаткан окуучу эки орфографияны тен эркин салыштыра алат.

**Корутунду**

Жыйынтыктап айтсак, башталгыч класстарда окуучуда жазуу көндүмдөрүн калыптандыруу мезгилинде мугалим үчүн жазууну окутуунун технологиясына, элементтерди, байланыштарды жана тамгаларды жазуунун татаалдыгына көңүл буруу өтө маанилүү. Ошентип, бул жерде балдарда жазуу көндүмдөрдү калыптандырууда маанилүү болгон учурларды психологиялык өз ара мамиле, жазууда туура отуруунун эрежелери, позитивдүү кайтарым байланышты өз эрежеси менен бере билүү баланын ийгиликтүү жазууга үйрөнүүсүнө шартарды түзө алат.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Федосова Н.А. "Как испроавлять почерк детей", журнал "Начальная школа". -1990. -№4. -С. 6-10.

2. Хмел. Н.Д. Педагогическая культура и педагогическое мастерство. –Алма-Ата. -1974. -177 с.

3. Чокошева Б.С.Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы.-Бишкек. -2014.

4. Щербаков А.И. Совершенствование системы психолого- педагогического образования будущего педагога. Вопросы психологии. –М:. -1981. -№5. –С.13-21.

5. Илюхина В.А. "Новые подходы к формированию графических навыков. Письмо с "секретом". Журнал "Начальная школа" .-1999. -№10. -С. 37-52.

6. Львов М.Р. Методика преподавания русского языка в начальных классах. –М., -1987. -415с.

7. Тыныстанова А.А. Кыргыз элинин салттуу улуттук оюндары.Бишкек Гуманитардык Университетинин Жарчысы. -2018. -№3.